- кадрларды туура тандоо жана жайгаштырууну камсыз кылат;
- кызматкерлерге акы телөө жана сыйлык берүү жөнүндө ички жоболорду бекитет;
- кредиттерди бөлүштүрүүчү болуп саналат жана эсеп менен каржы документтерге биринчи кол коюу укугуна ээ;
- бюджет менен атайын каражаттарды чыгымдардын сметасын бекитет;
- баланс менен чыгымдар сметасын аткаруу жөнүндө отчетторун бекитет жана кол коет;
- бекитилген чыгымдар сметасына ылайык, каражаттарды максаттуу пайдаланууда жалпы билим берүү мекемесини өз убагында жана толук каржылашына көзөмөл жүргүзөт;
- Кызматкерлердин квалификациясы менен идея-теориялык деңгелин жогорулатуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт;
- окуучулардын билиминин сапатын, журүш-турушуна, жана класстан тышкаркы менен мектептен тышкаркы иштин мазмунуна жана уюштурулушуна көзөмөл жүргүзөт.

9.5. Жалпы билим берүү мекемесинин атынан директор актылар боюнча келишимдерди түзөт, ошондой эле эмгек келишимдерин, ишеним каттарды берет, банктарда эсептешүү жана башка счетторду ачат, белгиленген тартипте кызматкерлерди бекитет,жалпы билим берүү мекемесинин бардык кызматкерлер үчүн милдеттүү буйруктарды чыгарат жана көрсөтмө берет, бекитүү үчүн билим берүү башкаруу органдарына жалпы билим берүү мекемесинин перспективдүү, жылдык, учурдагы иш пландарын киргизет.

9.6. Жалпы билим берүү мекемесинин директору, Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарында, келишимде (контракта) жана ушул Уставда каралган өз иши менен иш-милдеттери үчүн, ата-энелердин жана мамлекеттин, коомдун жана уюштуруучулардын алдында жеке жоопкерчилик тартат.

9.7. Жалпы билим берүү мекемесинде өзүн-өзү башкаруу формасы педагогикалык, жалпы билим берүү мекемесинин Камкордук Кенеши, эмгек коллективинин жалпы чогулушу болуп саналат.

9.8. Жалпы билим берүү мекемесинде Камкордук Кенеши жалпы билим берүү мекемесинин бюджеттен каржылоону камсыз кылуу, уюштуруучулук, каржылык жана консультациялык жардам берүү үчүн ыктыярдуу демөөрчүлөр бирикмеси болуп саналат. Камкордук Кенеши жалпы билим берүү мекемеге берилген мүлктөрдү жана каражаттарды башкаруу боюнча пайдалануу жөнүндө чечим кабыл алуу менен башкарууга катышат. Камкордук Кеңештин иши Камкордук Кеңеш жөнүндө мыйзамы менен жөнгө салынат.

9.9. Окутуу-тарбиялык процессин жакшыртуу жана өркүндөтүү максатында, жалпы билим берүү мекемесинин мугалимдеринин жана тарбиялоочулардын кесиптик чеберчиликти жана чыгармачылыгынын өсүшүн жогорулатууда жалпы билим берүү мекемесинин директору төрагалык кылган, жалпы билим берүү мекемесинин педагогикалык (мугалимдик) кызматкерлерин бириктирген, коллегиалдык орган - Педагогикалык Кеңеш иштейт.

Педагогикалык Кеңеш:

-билим берүүнүн, формасын, методдорун окутуу-тарбиялык иштерин жана анын ишке ашыруу жолдорун, мазмуунун талкуулайт жана тандайт;

- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогортууга, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүүгө ишти уюштурат;

- окуучуларды кийинки класска өткөрүү, кийинки класска шарттуу өткөрүү, жана ошондой эле ата-энелер менен (мыйзамдуу өкүлдөрү) макулдашып, аларды үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайра окутуу жөнүндө чечимин кабыл алат.

Педагогикалык Кеңешти зарылдыкка жараша жалпы билим берүү мекемесинин директору чакырат.

9.10.Билим берүү мекеменин уставдык ишин камсыз кылуу үчүн төмөнкү жергиликтүү актыларды кабыл алат: